## Мамлекеттик казына облигациялар рыногу

*(2012-жылдын март айы)*

Өтүп жаткан жыл ичинде калыптанган тенденция боюнча март айында биринчилик рынокто Финансы министрлигинин казына облигацияларын жайгаштыруу боюнча бир аукцион болуп өткөн. Аукциондун жыйынтыгы боюнча рыноктун катышуучулары жалпы суммасы 150,1 млн. сом баалуу кагаздарды сатып алган, ал өткөн айдын ушул эле көрсөткүчүнөн 44,2 пайызга жогору. Сатуунун дээрлик бардык көлөмү рынокто өз позициясын сактаган ири коммерциялык банктардын ичинен бирине туура келген. Баалуу кагаздардын кирешелүүлүгү төрт ай катары менен бир деңгээлде 16,0 пайызда сакталган.

**1-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын көлөмүнүн жана кирешелүүлүгүнүн динамикасы.**




**2-график. МКО сунушунун жана суроо-талабынын коломунун жана кирешелуулугунун динамикасы**




Март айында жүгүртүүдөгү мамлекеттик казына облигацияларынын көлөмү ай ичинде 1,2 пайызга төмөндөө менен 3,1 млрд. сомду түзгөн. Коммерциялык банктардын үлүшү институционалдык инвесторлордун салыштырма салмагын 37,0 пайызга чейин эквиваленттүү төмөндөтүүнүн эсебинен 1,0 пайыздык пунктка (62,9 пайызга чейин) көбөйгөн. Юридикалык жак-резиденттердин үлүшү мурдагыдай эле 0,1 пайыз деңгээлинде сакталган.

МКО биринчилик рыногунун концентрациялануу[1] индекси айдын жыйынтыгы боюнча 0,48ди түзгөн, ал концентрациялануунун жогорку деңгээлин көрсөтөт жана рынокто бирдей үлүштөгү эки инвестордун катышуусуна ылайык келет.

[1] Аталган индекс банктардын портфелинде МКОнун концентрациялануу деңгээлин көрсөтүп турат. Концентрациялануу индекси Херфиндаль-Хиршмандын методикасы боюнча эсептелинет жана жалпы көлөмдө көрсөткүчтүн салыштырма салмагынын квадраттарынын суммасын түшүндүрөт. Индекстин мүмкүн болгон маанилери 0дөн 1ге чейин маанилердин интервалында бар. Индекстин 0,10 кем эмес мааниси концентрациялануунун төмөн деңгээлине; 0,10дон 0,18ге чейин –

Кароого алынган мезгил аралыгында МКО экинчилик рыногунда баалуу кагаздардын ордун жабууга чейин сатып алуу/сатуу боюнча коммерциялык банктардын операциялары ишке ашырылган эмес.

**1-таблица. МКО кармоочулардын коминалдык нарк боюнча түзүмү**

*миң.сом*

| Датасы | Бардыгы болуп | Анын ичинде | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Улуттук банкы | | Комм. банктар | | Институт. инвестор | | Резидент юридик. жактар | |
| март'2011 | 1,919,792.0 | 0.0 | 0.0% | 1,367,706.5 | 71.2% | 549,140.5 | 28.6% | 2,945.0 | 0.2% |
| апрель | 1,999,792.0 | 0.0 | 0.0% | 1,447,706.5 | 72.4% | 549,140.5 | 27.5% | 2,945.0 | 0.1% |
| май | 2,213,792.0 | 0.0 | 0.0% | 1,661,706.5 | 75.1% | 549,140.5 | 24.8% | 2,945.0 | 0.1% |
| июнь | 2,213,792.0 | 0.0 | 0.0% | 1,661,706.5 | 75.1% | 549,140.5 | 24.8% | 2,945.0 | 0.1% |
| июль | 2,213,792.0 | 70,685.7 | 3.2% | 1,661,706.5 | 75.1% | 478,454.8 | 21.6% | 2,945.0 | 0.1% |
| Август | 2,593,792.0 | 70,685.7 | 2.7% | 1,966,437.7 | 75.8% | 553,723.6 | 21.3% | 2,945.0 | 0.1% |
| Сентябрь | 2,752,012.0 | 70,685.7 | 2.6% | 1,861,097.7 | 67.6% | 817,283.6 | 29.7% | 2,945.0 | 0.1% |
| Октябрь | 2,927,012.0 | 500,940.7 | 17.1% | 1,888,929.5 | 64.5% | 532,494.6 | 18.2% | 4,605.2 | 0.2% |
| Ноябрь | 3,056,703.0 | 500,940.7 | 16.4% | 1,881,130.5 | 61.5% | 671,484.6 | 22.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Декабрь | 3,035,970.0 | 0.0 | 0.0% | 1,857,228.9 | 61.2% | 1,175,593.9 | 38.7% | 3,105.2 | 0.1% |
| Январь'2012 | 3,047,170.0 | 0.0 | 0.0% | 1,868,428.9 | 61.3% | 1,175,593.9 | 38.6% | 3,105.2 | 0.1% |
| Февраль | 3,092,940.0 | 0.0 | 0.0% | 1,914,198.9 | 61.9% | 1,175,593.9 | 38.0% | 3,105.2 | 0.1% |
| Март | 3,055,690.0 | 0.0 | 0.0% | 1,921,038.9 | 62.9% | 1,131,503.9 | 37.0% | 3,105.2 | 0.1% |

концентрацияланууну орточо деңгээлине; 0,18ден жогору – концентрацияланууну жогорку деңгээлине ылайык келет. Мисалга алсак, 0,50гө барабар концентрациялануу индекси бирдей үлүштөгү эки катышуучунун; 0,30 – 3 катышуучунун ж.б. катышуусуна эквиваленттүү.